**Соц.педагогтун 2020-2021-окуу жылына карата берилген анализ:**

2021-2022-окуу жылында соц. педагогдук милдетин дене тарбия мугалими Эгембердиев Нурсултан Мырзабекови алып барды. 2021-2022-окуу жылында түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иштерди алып барды:

- Мектептин соц картасын аныктоо;
- Окуучулардын учетторун алуу;
- Кылмыштуулуктун алдын алуу;
- Профилактикалык жолугушууларды уюштуруу;
- Жугуштуу оорулардын алдын алуу;
- ДМЧ балдар менен иш алып баруу;
- Зомбулуксуз мектеп.

Окуу жылынын башында алты тараптуу келишим түзүлүп, ар бир көрсөтүлгөн мекеменин мөөрү бастырылып бекитилди, ар бир окуучунун социалдык картасы түзүлүп, ар бир класстын класс жетекчиси тарабынан класстардын социалдык картасы аныкталды. Социалдык педагог ар бир класстын аныктап берген социалдык паспортунун негизинде ар бир окуучуну төмөндөгүдөй континенттерге бөлүштүрдү:

Окуучулардын жалпы саны: 297
Социалдык коргоого муктаж окуучулар: жок
Жарым жетим: 13
Тоголок жетим: 1
Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн саны: 18
Аз камсыз болгон окуучулардын саны: 6
ДМЧ- 6

Мектепте жыл башынан бери ишеним кутучасы ачылып, ага түшкөн каттарга анализ жүргүзүлүп турду.И ДН кызматкерлери окуучуларга байма-бай лекцияларды окуп,ар кандай кырсыктардан алдын алуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушту. Мектепке бөлүнгөн ИДН кызматкери Калкаманов Максат окуучулар менен тыгыз иштерди алып барды. Маселен: рэкетчилик,диний экстремизм жана терроризм, суицид, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча эки жарым жылдыкта чогулуштарды уюштуруп, лекцияларды окуп турушту.

Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинде зомбулукка жол бербөөнү калыптандырууга, зомбулукка каршы күрөшүү зомбулукту болтурбоо боюнча иш чаралар өтүлдү:

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча класстык сааттар өткөрүлүп турду.

«Адепсиздиктин акыры-кылмыш» деген темада 7-8-9-10-11-класстын балдарына тегерек стол өтүлүп, окуучулар бул тегерек столдо адамгерчиликке, адептүүлүккө калыптанышты. Кылмыш кылуу-өтө оор нерсе, аягы жакшы болбостугу тууралуу маалыматтар берилди. Мыйзам чегинде ар бир катталган кылмыш үчүн өзүлөрүнө тиешелүү жазалар алынарын окуучуларга айтылды.. Бирок ушуга карабай азыркы учурда өспүрүмдөр арасында катталган кылмыштар күн санап өсүүдө.

«Зордук-зомбулуксуз жашоого кол сунам» -Форум театр өткөрүлдү (мигрант баланын абалы, эрте никеге туруу-кылмыш, ажырашып кеткен ата-эненин баласынын абалы)

«Бактылуу балалык кербени» аталышындагы жашы жете электер арасында укук бузууларды жана зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча иш чара өткөрүлдү. Пландын негизинде мектеп боюнча «Зордук-зомбулуксуз жашоо!» акциясы уюштурулду. «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз!» деген темада 8-11-класстар арасында тегерек стол өтүлүп, класс жетекчилер тарабынан ушул эле темада класстык сааттар өтүлдү. 9-11-класстар арасында «Рэкетчилик эмнеден башталат?» деген темада иш чаралар өтүлдү.

«Диний экстремизм-коомчулуктун көйгөйү» деген темада тегерек стол уюштурулуп айылдын имамы Х.Тыналиев келип окуучуларга кыскача маалымат берди. Дене тарбия